DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Субаналиева Г.Т.*

# РЫНОК ЭКОНОМИКАСЫНДАГЫ АГРАРДЫК СЕКТОРДУН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

*Субаналиева Г.Т.*

# ТЕОРЕТИКО-МЕТОДОЛОГИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ АГРАРНОГО СЕКТОРА В РЫНОЧНОЙ ЭКОНОМИКЕ

*G. Subanalieva*

# THEORETICAL AND METHODOLOGICAL FOUNDATIONS OF THE AGRICULTURAL SECTOR IN A MARKET ECONOMY

*УДК: 338.43(575.2)(043)*

*Бул макалада Кыргыз Республикасы өткөөл мезгилдин жүрүшүндө позитивдик жана терс тараптарга ээ болгон. Бир тараптан айыл чарба товар өндүрүүчүлөр өз продукцияларын сатууга жана техника, жер семирткичтерди жана башка материалдык ресурстарды сатып алуу маселелерин чечүүгө толук укугуна ээ болгон чарбачылыктын жаңы формалары түзүлгөн, ал эми экинчи тараптан экономикалык көрсөткүчтөрдүн төмөндөшү болуп, деиндустриализация процесси башталган. Борборлоштурулган пландоо экономикасынын реформаланышы укуктук жана рыноктук инфраструктураны түзүүнү болжойт, мунун баары өлкөдөгү макроэкономикалык процесстердин өзгөчөлүктөрүн шарттайт. Агрардык сектордогу түзүлгөн жагдайды аны теориялык жактан негиздөө жана айыл чарбага колдонулуучу рыноктук механизмди калыптандыруу боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгуунун чегинде баалоо керек. Биздин практика көрсөткөндөй, рынок мамилелери, жөн гана сатып алуу-сатуу актыларынын жыйындысына, А.Смиттин рынокту экономиканын өзүн өзү жөнгө салуусун камсыздаган «көзгө көрүнбөгөн кол» менен салыштыруусуна караганда, өтө татаал болуп чыккан.*

***Негизги сөздөр:*** *пландоо экономика, агрардык сектор, рынок, өндүрүш, менчик, ишмердүүлүк, дыйканчылык, өнүгүү.*

*В этой статье рассматривается Кыргызская Республика в процессе переходного периода приобрела позитивные и негативные стороны. С одной стороны, созданы новые формы хозяйствования, когда сельскохозяйственные товаропроизводители имеют полное право реализовать свою продукцию и решить проблемы с приобретением техники, удобрений и других материальных ресурсов, а другой стороны произошло снижение экономических показателей и начался процесс деиндустриализации. Реформирование централизованной плановой экономики предполагает создание правовой и рыночных инфраструктур, все это обусловливает особенности макроэкономических процессов в стране. Сложившуюся ситуацию в аграрном секторе следует оценивать по мере ее теоретического обоснования и разработки практических рекомендаций по формированию рыночного механизма, применительно к сельскому хозяйству. Наша практика показала, что рыночные отношения оказались более сложными, чем просто совокупность актов купли и продажи, чем сравнение рынка А.Смитом с «невидимой рукой», которая обеспечивает саморегулирование экономики.*

***Ключевые слова:*** *плановая экономика, агропромышленный комплекс, рынок, производство, собственность, деятельность, сельское хозяйство, развитие.*

*The Kyrgyz Republic in the process of transition has acquired positive and negative aspects. On the one hand, new forms of management have been created, when agricultural producers have every right to sell their products and solve problems with the acquisition of equipment, fertilizers and other material resources, and on the other hand, there has been a decrease in economic indicators and the process of de-industrialization has begun. Reforming the centrally planned economy involves the creation of legal and market infrastructures, all of which determines the peculiarities of macroeconomic processes in the country. The current situation in the agricultural sector should be assessed as it is theoretically substantiated and practical recommendations are developed for the formation of a market mechanism in relation to agriculture. Our practice has shown that market relations turned out to be more complex than just a set of purchase and sale acts, than A. Smith's comparison of the market with an "invisible hand" that ensures self-regulation of the economy.*

***Key words:*** *planned economy, agro-industrial complex, market, production, property, activity, agriculture, development.*

Борборлоштурулган пландоо экономикасы, калкты азык-түлүк менен камсыз кылуудагы айрым жылыштарга карабастан, чындыгында өндүрүүчүнүн баары өндүрүш каражатын ээлөөчүсү гана болуп, бирок өндүрүлгөн продукциянын толук кандуу кожоюну боло албай турган өндүрүштүк мамилелерди түзгөн. Анын жыйынтыгында айыл чарбага жумшалган өтө ири инвестициялар, коомдук чарбанын өндүрүштүн бардык каражаттарынын тынымсыз өсүп жаткан көлөмдөгү пландаштырылган жеткирүүдөгү шексиз артыкчылыктары дыйканчылык менен мал чарбачылык, механизация жана химизация тармактарында сезиле турган илимий-техникалык прогрессти камсыз кыла алган жок.

Кыргыз Республикасы өткөөл мезгилдин жүрүшүндө позитивдик жана терс тараптарга ээ болгон. Бир тараптан айыл чарба товар өндүрүүчүлөр өз продукцияларын сатууга жана техника, жер семирткичтерди жана башка материалдык ресурстарды сатып алуу маселелерин чечүүгө толук укугуна ээ болгон чарбачылыктын жаңы формалары түзүлгөн, ал эми экинчи тараптан экономикалык көрсөткүчтөрдүн төмөндөшү болуп, деиндустриализация процесси башталган.

Борборлоштурулган пландоо экономикасынын реформаланышы укуктук жана рыноктук инфраструктураны түзүүнү болжойт, мунун баары өлкөдөгү макроэкономикалык процесстердин өзгөчөлүктөрүн шарттайт.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Агрардык сектордогу түзүлгөн жагдайды, аны теориялык жактан негиздөө жана айыл чарбага колдонулуучу рыноктук механизмди калыптандыруу боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгуунун чегинде баалоо керек. Биздин практика көрсөткөндөй, рынок мамилелери, жөн гана сатып алуу-сатуу актыларынын жыйындысына, А.Смиттин рынокту экономиканын өзүн өзү жөнгө салуусун камсыздаган "көзгө көрүнбөгөн кол" менен салыштыруусуна караганда, өтө татаал болуп чыккан.

Пландоо экономикасында менчик укугу төмөнкү негизги формаларда ишке ашырылган: мамлекеттик (жалпы элдик), жамааттык (колхоздук-кооперативдик), коомдук бирикмелер менчиги (уюмдардын), жарандардын жеке менчиги.

Жер мамлекеттик гана менчикте болгон. Советтер Союзу кулагандан кийин агрардык чөйрөнү реформалоо болгон. Рынок татаал социалдык-экономикалык жана саясий шарттарда калыптанган.

Кыргыз Республикасы өткөөл мезгилдин жүрүшүндө позитивдик жана терс тараптарга ээ болгон. Бир тараптан айыл чарба товар өндүрүүчүлөр өз продукцияларын сатууга жана техника, жер семирткичтерди жана башка материалдык ресурстарды сатып алуу маселелерин чечүүгө толук укугуна ээ болгон чарбачылыктын жаңы формалары түзүлгөн, ал эми экинчи тараптан экономикалык көрсөткүчтөрдүн төмөндөшү болуп, деиндустриализация процесси башталган.

Мындай мамилеге Кыргыз Республикасынын калкы даяр эмес эле, бул мындай кайра түзүү тажрыйбасынын жоктугу жана аны түзүүнүн жүрүшүндө кадрлардын өзгөчө маселелерди чечүүгө даяр эместиги менен түшүндүрүлөт, жыйынтыгында рынок экономикасынын түптөлүшү жана иштөөсүндөгү экономиканын бул татаал жагдайлары айыл чарбанын кыйрашына алып келген.

Кыргыз Республикасында кардиналдык өзгөрүүлөр мамлекеттик менчикти улутташтыруу жана приватташтыруу аркылуу жүргүзүлгөн жерлерде рынок мамилелеринин маселелери эске алынган эмес, бул көптөгөн катачылыктар менен жаңылыштыктарды жараткан. Чет өлкөлүк тажрыйба өлкөбүзгө улуттук өзгөчөлүктөрдү эске албастан өткөрүлгөн, мындай радикалдуу жана тез өзгөрүүлөрдү жүргүзүү үчүн жетишсиз теориялык жана методологиялык даярдык болгон.

Бир эле учурда өлкөдө ар түрдүүчө түшүндүрүлгөн рыноктун маңызы жөнүндөгү маселе гана эмес, ошондой эле мамлекеттик жөнгө салуу системасынын ага болгон башкаруу субъектиси катарындагы таасири жөнүндө да такай талкуулар жүрүп турган. Бирок, бул маселе алиге кайсы бир деңгээлде чечилбеген бойдон кала берүүдө. Бул изилдөөдө рыноктун жалпы белгилерин:

товар-акча формасына айланган айрым экономикалык мамилелердин пайда болуу чөйрөсүн жана товар айлануунун аны коштогон ички жана тышкы рыноктун иштөөсүнүн мүнөздөрү менен элементтери менен бирге бар болушунун бардык белгилерин;

- сатуучу менен сатып алуучунун өз ара сурам жана сунуш, атаандаштык чөйрөсүнүн айрым шарттарындагы материалдык жыргалчылыгы менен баалуулуктары мамилелери боюнча жолугушуусун уюштуруунун көп аспектүү жана көп тараптуу механизмин;
- кайсы бир географиялык жайгашуу жериндеги сурам жана сунуш өз ара мамилелерин, сатып алуучу менен сатуучунун, эмгектин коомдук-пайдалуу сарптоолорун жана коомдук баалуулуктардын болушун, коом үчүн товар жана тейлөө кызматы түрүндөгү рынок продуктуларынын айрым түрлөрүн өндүрүү жана керектөө зарылдыгын эске алуу менен жолугушуусун түзүү механизмин системалаштырууга мүмкүндүк берди.

Жогоруда сунушталгандардын баарынан акыркы дефиниция рынокту анын иштөө системасы, структурасы менен түрү боюнча баалоону жүргүзүүгө шарт түзөт.

Рыноктун структурасына карата макро- жана микродеңгээлдер көз карашынан окумуштуулардын пикирлери ар башка. Ошентип, кээ бир окумуштуулар рынок структурасын атаандаштыктын кайсы бир деңгээлиндеги шарттарда бирдиктүү керектөөчүлүк максат боюнча бириккен товардык топтор боюнча сурам жана сунуштун пайыздык дал келиши (баланс) катарында баалоону, ал эми башкалары – башкаруу иерархиясы жана анын ар түрдүү тармакка тиешелүүлүгүнүн чегинде ар кайсы типтеги рыноктун болушу шарттарында иштөөсү катарында баалоону сунуштайт. Бирок, биринчи да, экинчи да учурларда окумуштуулар, рыноктун микроструктурасы – бул анын инфраструктуралык элементтеринин болушу жана рынок коньюктурасынын конкреттүү баада кайсы бир мезгилдеги товардык сунуш менен сурамдагы катышынын көбүрөөк деталдашып чагылдырылышы деген пикирге кошулушат. Ошондуктан рыноктун структурасына көптөгөн базалык факторлор таасир этет, алардын бирөөсүнүн гана алсыздыгы рыноктун абалында сезилээрлик дисбаланс жаратат деген пикирдеги окумуштуулар менен макул болууга туура келет. Мындай факторлорго менчикке ээ болуу формасы гана эмес, ошондой эле менчикти чийки заттын негизги түрлөрүнө жайгаштыруу, өндүрүштүн тиешелүү технологиясынын мүнөзү (мисалы, дискреттик же үзгүлтүксүз мүнөзү, өндүрүш факторлорун алмаштыруунун жогорку же төмөн ийемдүүлүгү), жумушчу күчүнүн ишке тартылышы, социалдык өнөктөштүктүн профсоюздук кыймыл түрүндө болушу жана коомдук институттардын аракеттери, өндүрүштүн убактылуу мүнөздөрү (заказ боюнча иштөө же склад-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



дан жеткирүүлөр), бирдик наркка сарптоо ж.б. кириши мүмкүн. Ошондуктан рынок мамилелеринин айрым бир мамлекетте иштеши жана өнүгүшү үчүн айрым бир шарттардын болушу зарыл, алар:

- өндүрүш каражаттарына, жерге, өндүрүш продуктуларына жана кирешелерге ээлик кылган субъектилердин конкреттүү аныкталган жана мызамдык бекитилген менчик укугу;

- ишмердүүлүктүн формасы менен түрүнүн эркин тандалышы;

- менчиктин бардык формаларынын субъектилеринин тең укуктуулугу;

- баа түзүү эркиндиги, мында сатуучу менен сатып алуучу ортосундагы макулдашуунун негизинде мамлекеттин кийлигишүүсүнүн минималдаштырылышында баа түзүлүшү керек;

- чарбалык ишмердүүлүктүн өзүн өзү каржылашы;

- атаандаштар үчүн атаандаштыктын жана укуктардын теңдиги болушу;

- рынок инфраструктурасынын ортомчулук ишмердүүлүк жана тейлөө түрүндөгү активдүү өнүгүшү үчүн шарттарды түзүү ж.б.у.с.

Бирок ошол эле учурда, бардык ушул шарттардын жана дагы көптөгөн башка шарттардын болушунда да өндүрүш процессинин өзү эле бардык комплекстин же ошол шарттардын кайсы бир айрым факторлорунун айрым рыноктук дисбалансын пайда кылышы мүмкүн болгон рынок түрлөрү бар экендигин моюнга алыш керек. рыноктун мындай түрүнө *агрардык рынокту* киргизүү керек, анда өндүрүштүн сезондук (дискреттик) мүнөзү, рынок ортомчуларынын ченемсиз өсүшү менен таасирин жараткан өндүрүүчүлөр менен керектөөчүлөрдүн бир биринен аймактык бөлүнүүчүлүгү,  аяккы (чекене) продукциянын ассортименти менен сатуу шарттарына таасир этүү мүмкүндүгүнүн жоктугунан баанын пропорционалдуу эмес калыптанышы бул рыноктун абалын мамлекет тарабынан көзөмөлдөө зарылдыгын гана эмес, ошондой эле анын иштөө системасына мамлекеттин кийлигишүүсүн жаратат:

- бул рынокто калк үчүн социалдык эң зарыл продукция өндүрүлөт

- бул рынок  эл керектөөчү товарларды чыгарган көптөгөн тармактар үчүн чийки затты түзөт;

- бул рынок азык-түлүктүк жана жалпы экономикалык, аягында улуттук мамлекеттик коопсуздуктун абалын аныктайт;

- бул рыноктогу сунуштардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн деңгээли мамлекетке тышкы экономикалык ишмердүүлүктү кеңейтүүгө жана мамлекеттик бюджетке ички рынокко караганда ири өлчөмдөгү кошумча киреше алып келүү мүмкүнчүлүгүн берет;

- бул рыноктогу баалар деңгээли өлкөдөгү калктын төлөмгө жөндөмдүү сурамын гана эмес, ошондой эле анын жашоо сапатын да калыптандырат, ал жашоо сапаты көбүнчө мамлекет ичинде өндүрүлүүчү азыктүлүктүн баасынын абалына жараша болот.

Өлкөнүн айыл чарба өндүрүшүндө рыноктук өзгөрүүлөр тездетилген темпте өткөрүлгөндүгүнө карабастан жалпылык жогору, ушул зарыл шарттардын кайсы бир пропорционалдуу бөлүгү калыптанбаган. Жыйынтыгында рыноктук өзгөрүүлөр учурундагы жетишкендиктерге белгилүү бир деңгээлде кайра ой жүгүртүүнү гана эмес, ошондой эле андан ары мамлекеттин көптөгөн маселелерин өз алдынча чечүүгө жөндөмдүү өлкөнүн толук кандуу, маданияттуу жана тең салмактуу агрардык рынокту андан ары түзүү жолун аныктоо да талап кылынат.

Бул Кыргыз Республикасынын агрардык рыногунда жүргүзүлгөн социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдү системалаштыруу мүмкүнчүлүгүн берди. Жыйынтыктар төмөнкүлөр:

– мамлекеттин айыл чарбалык өндүрүш процессине тийгизген тоталдык таасирин жеңүүгө байланышкан позитивдүү өзгөрүүлөр жүргүзүлгөн жана агро-өнөр жай өндүрүшүндө көп катмарлуу экономика калыптанды;

– агрардык рыноктун иштөөсү үчүн белгилүү бир баштапкы жана негиз салуучу ченемдик-мыйзамдык база түзүлдү, бирок ал агрардык өндүрүштө жана мамлекеттин ички жана тышкы чөйрөлөрүндө такай болуп жаткан динамикалык өзгөрүүлөрдө уюшулган жана финансылык-акчалай шаймандарды колдонуу шарттары боюнча туруктуу оңдоп-түзөөлөрдү талап кылат;

– Кыргыз Республикасынын агрардык секторунда үстөмдүк кылган башкаруу формасы, киреше түзүүгө жана рынок баасынын диспропорциясын мамлекет тарабынан интеграциялык процесстерди уюштуруу, кредиттик саясаттын айыл чарба өндүрүшүнүн циклдүүлүгүнүн жана айланма капиталдын жай айлануу процесси болгондугунан улам, анын шарттарына карата лоялдуулугу үчүн айрым бир шарттарды түзүүсүз жеңүүгө жөндөмсүз майда товардык өндүрүш болуп калды;

– Агрардык өндүрүштөгү рынок мамимелелерине тездетилип өтүү жана шашылыш институционалдык өзгөртүүлөр тармактар аралык экономикалык мамилелердин бузулушун жаратты жана айыл чарбасынан маанилүү каражаттардын чыгарылышын шарттады, бул агро-өнөр жай ишмердүүлүк чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты кайра карап чыгууну талап кылган башкарылбаган рынок мамилелерине өтүүгө алып келген;

– Менчик жер ээлеринин жана башкаруунун жаңы формаларынын өсүшү баа диспаритетинин, рынок баш-аламандыгынын кыйратуучу таасирин, айыл чарба продукцияларынан айыл чарбалык товар өндүрүү-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



чүлөргө салыштырмалуу көбүрөөк киреше тапкан өтө көп сандагы ортомчуларды нейтралдаштыра алган жок. Ал эми мамлекеттин бул процесстерди жөнгө салуудан өзүн алыстатуусу өлкөнүн агрардык рыногундагы монополдук абалды кайра иштетүүчү жана соода уюмдарынын пайдасына өткөрүп беришине алып келди, бул көрүнүш айыл чарба товарын өндүрүүчүлөрдүн эмгектин натыйжалуу жана динамикалуу өсүүчү өндүрүмдүүлүгүнө карата мотивациясын төмөндөткөн.

Рынок мамилелеринин коомдук өндүрүштөгү ыраттуу аракеттери системасында агрардык сектордун өнүгүшү товар өндүрүүдө оң жыйынтык алууну көрсөтөт. Бул экономиканын бардык тармактары үчүн материалдык өндүрүштүн объективдөө зарылдыгын пайда кылат жана аларды калктын камсыздалышын жана анын жогорулашын аныктаган өндүрүштүк продукция менен камчыздоочу көрсөткүчтөрдүн бирдиктүү системасын иштеп чыгууга мүмкүндүк берет.

Айыл чарба тармагынын өнүгүшү жана калктын камсыздалышы өндүрүштүн социалдык-экономикалык, экологиялык жана технологиялык жактан өнүккүндүктүн көрсөткүчү болуп саналат. Мында функционалдык подсистема айыл чарбалык өндүрүштүн мазмунун, ал эми уюуштуруучулук подсистема – алардын көрүнүү формасын көрсөтөт. Иште экономиканын агрардык секторунун методикалык негизи тарабынан агрардык чөйрөнү жүргүзүүнүн аймактык өзгөчөлүгүн эске алуучу системалык мамиле кабыл алынышы керек деп белгиленет.

Мунун жыйынтыгында ички рыноктун стагнация болгон, бул продукциянын чыгышын төмөндөтүп, өлкөгө импорттун агымын шарттаган, мунун баары өлкөнүн экономикалык коопсуздугунун бузулушуна алып келди. Жакырчылыкты жоюу жана калк (керектөөчүлөр) үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө багытталган улуттук стратегияны ишке ашырууда натыйжалуу өндүрүш ишкердик ишмердүүлүктө актуалдуу мааниге ээ боло баштаган. Өлкөдөгү социалдык инфраструктуранын жагымдуу шарттарын түзүү үчүн киреше ишкерлер үчүн максат болуп калган. Экономиканын агрардык секторунун өнүгүшүн аныктоонун методикалык негизи катарында агрардык чөйрөнү жүргүзүүнүн аймактык өзгөчөлүктөрүн эске алуучу системалык мамиле кабыл алынышы керек. Кайра иштетүүчү өнөр жайдын финансылык негизи начар. Көптөгөн ишканалар, айрымдарынан тышкары, өз продукциясын ата мекендик рынокто сатып жатып, эскирген технологияны колдонушат.

Айыл чарбачылыгынын жогорку натыйжалуулугун камсыз кылуу зарылдыгы катарында товар өндүрүүчүлөрдүн кирешелүүлүгүнүн төмөндөшүн алдын алуу зарыл. Биздин көз караште бул үчүн ресурстарды үнөмдөөчү технологияларды жана айыл чарбасын жүргүзүүнүн илимий системаларын колдонуу, айыл чарбалык ресурстарды сарптоону төмөндөтүүнү камсыз кылган агрардык секторго инновациялык багыттар боюнча мамлекеттик колдоо көрсөтүү керек.

Агрардык сектордун өнүгүшүн жана ишкердик ишмердүүлүктүн рынок чөйрөсүндө жакшырышын изилдеп, айыл чарба чөйрөсүнүн мындан аркы өнүгүшү кайра иштетүүчү тармактын деңгээлин жогорулашын, продукцияны экспортоо, ички рынокто импортту алмаштыруунун абалынын, айыл чарба өндүрүшүн башкаруунун маркетингдик стратегиясынын жакшырышын болжолдойт деген тыянакка келдик.

Ата мекендик кайра иштетүүчү өнөр жайдын көрөңгөсү республиканын калкынын анын продукциясына болгон керектөөсүн деерлик канааттандыра алат. Ошентип, айыл чарба продукциясын өндүрүүнү, кайра иштетүүчү тармакты өнүктүрүү товар өндүрүүчүнүн экономикалык кызыкчылыгын, анын максаттык функциясын, өндүрүштүн, ишкананын, бизнес ишмердүүлүгүнүн тигил же бул түрүнүн төлөө жөндөмдүүлүгүн колдоого жолуна карай атаандаштык күрөшүнүн бардык кыйынчылыктарын жеңип, кеңейтилген кайра иштетүүнү камсыз кылуу үчүн ишке ашыра турган идеяны ачып берет.

**Адабияттар:**

1. Кыргыз Республикасынын Агрардык саясатынын концепциясы. - Бишкек, 2021-жылдын, 9 февралындагы.
2. Акназарова Р.К. «Рыноктук финансы системасын калыптандыруу шартында агрардык сектордун экономикалык эффективдүүлүгүү». - Б., 2004-ж.
3. Буздалов И.Н. Агрардык реформанын стратегиясы жана тактикасы жөнүндө. Теориянын жана практиканын проблемаларын башкаруу, 2015-ж.
4. Василенко В.П., Козлова А.П. ж.б. Кооперативдик жана агро-өнөр жайлык чарбаны - уюштуруу тузүлүшү. - М.: Бизнес, 2006. - С. 241.
5. Оболенский К.П. Өндүрүштүн эффективдүүлүгүнүн аныктамасы жана көрсөткүчтөрү. / Айыл-чарба экономикасы 2002-ж.
6. Джумабаев К. Агро-өнер жай комплексинин экономикасын өнүктүрүүдөгүү мамлекеттин ролу. / Экономика жана статистика. - Б., 2012-ж.
7. Адилханов А.Е. Теоретические аспекты привлечения инвестиций в аграрный сектор экономики. / Известия ВУЗов Кыргызстана. - 2012. - №. 7. - С. 92-94.
8. Омошев Т.Т. Теоретико-методологические аспекты оптимизации отраслевой структуры аграрного сектора в условиях трансформационной экономики Кыргызстана. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. №. 3. С. 102-107.